Балдарды Коргоо борбору

Brot für die Welt




# «Балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу жана ички мигранттардын мамлекеттик кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу»



«Балдарды Коргоо Борбору» коомдук бирикмеси балдар менен иштөөдө 23 жылдык бай иш тажрыйбасы бар, туруктуу, көз карандысыз, коммерциялык эмес бейөкмөт уюм.

БКБ - 1998-жылдан бери турмуштук кыйын кырдаалга кабылган балдарга жана алардын үй-бүлөсүнө жардам берип келет. БКБ коомдук бирикмеси иштеп келе жаткан балдардын басымдуу бөлүгү билим берүү жана медициналык кызматтардан толук пайдалана алышпай, көптөгөн көйгөйлөр менен каршылашат.

БКБ - көп жылдык иш тажрыйбанын натыйжасында мындай балдарга жана үй-бүлөлөргө жардам берүүнүн так стратегиясын иштеп чыккан. Уюмдун өзгөчөлүгү, максаттуу топтогу аныкталган көйгөйлөр жана муктаждыктарды чечүү үчүн так максат жана милдеттерди коюп, аларга акырындык менен жетүүсүндө. Балдар жана алардын үй-бүлөсү менен иштөө ыкмаларын жана формаларын иш тажрыйбанын негизинде иштеп чыгып, дайыма жакшыртып тургандыгында.

**«Балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу жана ички мигранттардын мамлекеттик кызматтарды пайдалануу мүмкүн-чүлүгүн көбөйтүү»** долбоору

**Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 01.07.2019 - 30.06.2022.**
**Долбоор камтыган конуштар: Пригород айылы, Дордой1; Дордой 2; Келечек; Жеңиш; Ак бата; Акжар; Көлмө; Үмүт конуштары жана Ош базарынын айланасы.**
**Долбоор камтыган мектептер: №54, 78, 57, 94, 86, 31, Пригород айылынын мектеби. Демөөрчү: «Bread for the World» уюму**

Долбоор Германиялык Bread for the World (BftW) уюмунун каржылык колдоосу менен «Балдарды Коргоо Борбору» коомдук бирикмеси тарабынан ишке ашырылат.

## *Долбоордун максаттары:*

- Жамаат жана мамлекет тарабынан зордук-зомбулук болгон учурларды аныктоо жана ага карата чара көрүү, андай учурлардын алдын алууга багытталган иш аракеттерди күчөтүү,
- Турмуштук кыйын кырдаалдагы балдардын жана үй-бүлөлөрдүн мамлекеттик социалдык кызматтардан (билим алуу, саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүү жаатындагы) пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу.
- Турмуштук кыйын кырдаалдагы балдардын коомдук жашоого толук кандуу катышуусун камсыз кылуу үчүн алардын ички күч кубатын көтөрүү.

## *Долбоор кимдерге багытталган?*

Долбоордун негизги максаттуу тобу- турмуштук кыйын кырдаалга кабылган ички мигранттардын балдары, алардын ата-энелери жана аларды курчап турган мугалимдер, үй-бүлөө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн социалдык кызматкерлери, жергиликтүү аймактык башкармачылыктын адистери.

**Кыскартылып берилген сөздөрдүн тизмеси:**

**ИМ – ички мигранттар**
**СЖМ – сергек жашоо мүнөзү**
**ДТ – демилге топтор**
**ИДН – өспүрүмдөр менен иштөөчү инспекция**
**КДД – балдар иштери боюнча комиссия**
**ЖАБ- жергиликтүү аймактык башкармачылык**
**ҮБКБ– ОПСД үй-бүлөнү, балдарды коргоо бөлүмү**
**ТКК – турмуштук кыйын кырдаал**
**ББК – Балдарды Коргоо Борбору**

## *Долбоордун бүгүнкү күнгө карата натыйжалары:*









**Ата-энелер менен иштешүүдөгү жыйынтыктар:**

**01** Эдвокаси топтун мүчөсү болгон 32 ата-эне үчүн социалдык мобилизация, мамлекеттик билим берүү, көйгөлөрдү аныктоо боюнча тренинг өткөрүлдү.

**02** 94 ата-эне үчүн баланы позитивдүү тарбиялоо, гендердик теңчилик жөнүндө сабактар өтүлдү

**03** 50 окуудан өткөн теңдеш тренер ата-эне балага позитивдүү тарбия берүү боюнча 400 ата-энеге сабак өтүштү



# Коомчулук менен иштешүүдөгү жыйынтыктар:

3 эдвокаси топ жаңы конуштардагы активдүү жашоочулардан түзүлдү

Демилгелүү топтор генералдык прокуратурага, мэрияга жана шаардык кеңешке 5 кайрылуу жасашты

32 мугалим балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу жана мектепте жагымдуу чөйрө түзүү боюнча тренингтерге катышты

32 мамлекеттик кызматкер балдарга карата зомбулукту алдын алуу жана токтотуу боюнча тренингтен өтүштү.

31 жаңы конуштардын жашоочулары социалдык мобилизация, коомдук консультациялар, балдарга зомбулукту алдын алуу тренингтен өтүштү.

4 мобилдүү топ атайын сабактардан өткөн ата-энелерден түзүлдү

### *Күндүзгү бөлумдөр:*



- **73 үй бүлө** жана **120 бала** БКБнун күндүзгү бөлүмдөрүнүн кызматтарынан колдонушат
- **9-12** жаштагы **33 бала** инсандык өнүгүү боюнча тренингтерден өтүштү
- **12-16** жаштагы **25 бала** жашоо көндүмдөрү боюнча тренингтерден өтүштү
- **12-16** жаштагы **25 бала** сергек жашоо мүнөзү боюнча сабактарга катышышты
- 115 балага теңдеш тренер балдар коопсуз жүрүм-турум боюнча **64 онлайн сабак** өтүштү
- **30 ата-эне** инсандык өнүгүү боюнча окууларга катышты
- **56 смартфон** жана **4 ноутбук** ковид учурунда турмуштук оор кырдаалдагы балдарга таркатылды
- **140 турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөгө** ковид учурунда ай сайын гум жардам таркатылды
- **181 жаранга** ковид учурунда Zoom, Whatsapp жана чалуулар аркылуу психологиялык жана юридикалык жардам көргөзүлдү

### *Убактылуу баш калкалоочу жай:*




- Убактылуу баш калкалоочу жайда **72 бала** (алардын ичинен 29 кыз) жашаган
- **36 бала** ата-энеси менен кайрадан бирикти
- **2 бала** опекун үй-бүлөгө берилди
- **3 кыз** профессионалдык лицейге орноштурулду
- **7 балага** туулгандыгы тууралуу күбөлүк калыбына келтирилди
- **3 бала** мектепке орноштурулду
- **3 бала** интернатка жөнөтүлдү
- **19 киши** тигүүчүлүк курсун окуп, **12** аяктады

*Консультациялар:*



- **710 киши** (450 аял, 265 эркек) БКБна төмөнкү жардам үчүн кайрылган
- **53 бала** мектепке орноштурулду
- **8 бала** лицейге орноштурулду
- **4 баланын** аталыгы аныкталды
- **3 бала** бала бакчага орноштурулду
- **16 үй-бүлө** жөлөк пул ала баштады
- **27 киши** паспорт ж.б. документтерин алышты
- **38 киши** туулгандыгы тууралуу күбөлүк алышты

*Малаа башчыларынын консультацияларынан кийин:*

- **35 бала** мектепке орноштурулду
- **25 киши** паспорт алды
- **22 бала** туулгандыгы тууралуу күбөлүк алышты
- **6 киши** аскер билетин калыбына келтиришти
- **26 бала** жөлөк пул ала баштады
- **36 кишини** поликлиникага учетко тургузушту

*Массалык маалымат каражаттарында биз тууралуу:*

- Видеосюжеттер – **15**.
- Радиопередачалар – **9**
- ММКдагы электрондук басылмалар - **10**
- Телепередачалар - **4**
- Түз эфирлер - **30**

**Жамаат жана мамлекет тарабынан зордук-зомбулук болгон учурлардын алдын алуу, аныктоо жана ага карата ыкчам чара көрүү боюнча иш-чараларды күчөтүү.**

Долбоордун алдындагы негизги милдеттердин бири-бул мектеп кызматкерлеринин балдарга карата зордук-зомбулук болгон учурларды аныктоо, ага карата чараларды көрүү жана алдын алуу боюнча билим деңгээлин жана күч-кубатын көтөрүү. Мугалимдер балдар менен күн сайын байланышта болгондуктан, биринчилерден болуп, зордук-зом-

булук болгон учурду аныктап ага карата чара көрө алышат. БКБ нын адистери тренингтерде мугалимдерди, социалдык педагогдорду жана психологдорду класста окуучу-мугалим ортосунда достукка, ишенимге, сыйга негизделген маанайды калыптандырууга окутушкан. Натыйжада, мектеп кызматкерлери өз ара жана ата-энелер менен натыйжалуу байланыш түзүү ыкмаларын өздөштүрүшкөн



Пригород мектебинин мугалими
**Курманбаева Гүлмайра:**

***"Тунт, көп сүйлөбөгөн окуучулар ачылып, алар менен байланыш түзгөнду үйрөндүм"***

"Балдарга карата зомбулукту алдын алуу" боюнча өткөрүлгөн тренинг мен үчүн эң чоң сабак болду. Анткени бир үй-бүлөдө чоңойгон бала коомдо өзүн кандай алып жүрүүсү керек, баланын үй-бүлөдөгү ата-эне үчүн маанилүү инсан экендигин ача билүү, көрсөтүүнү үйрөндүм. Азыркы учурда үй-бүлө бузулуусу, ата-энелердин ажырашуусу, жалгыз бой энелердин балдарга тарбия берүүсүндө чоң көйгөйлөр пайда болууда. Күндөн күнгө бул көйгөйлөрдүн көбөйүшү коомдо жана үй-бүлөдө зомбулуктун жаралышына шарт түзүүдө. Өзгөчө мектептерде дистанциондук окуулар убагында бул тренинг абдан пайдалуу болду. Баарыбыз катаал шарттарда иштеп, балдарга жана алардын ата-энелерине оор абалда кантип жардам берээрибизди билбей турган элек. Вотсап группаларга ата-энелер балдарына жасап жаткан зомбулук тууралуу видеолор келип жатты. Бир четинен онлайн окууга техникалык мүмкүнчүлүктөр жок болсо, экинчи жагынан ата-энелер үйдө окуп жаткан балдарына сабак түшүндүрүп бере албай уруп-согуп, күч колдонуп жатканын көрүп эч нерсе кыла албай отурган элек. Мына ушундай учурларда, негизи эле мектепте, коомдо балдарга карата жасалган зомбулукту кантип алдын алуу керектигин үйрөнүп, өзүбүздүн жумушубузда колдоно баштадык. Тунт, көп сүйлөбөгөн окуучулар ачылып, алар менен байланыш түзгөндү үйрөндүм. Тренинг менин кесибиме жана жашоомо аябай чоң жардам берди. Бардык алган маалыматты туура колдонуп, мектептерде зомбулукту азайтууга салым кошомун деген үмүттөмүн. Сиздерге ыраазычылык!

Райондук деңгээлдеги мамлекеттик түзүмдөрдүн (ҮБКБ,КДД,ИДН) жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин кызматкерлери да балдар арасындагы жана аларга болгон зордук-зомбулукту аныктоо жана аларды алдын алууга карата багытталган темалардагы тренингтерден өтүү аркылуу өзүлөрүнүн кесиптик билимдерин жогорулата алышты.

ЖАБдын ҮБКБ үнүн ИДН дин кызматкерлери, мугалимдер жана медициналык кызматкерлерге арналган зордук-зомбулукка дуушар болгон балдар менен иштөөнүн методологиясын ичине камтыган атайын колдонмо чыгаруу да пландаштырылууда.

"Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук, мектеп рэкети алардын кесепеттери" тууралуу тренингтер ИМ дын балдарынын маалыматтуулугун жана сезимталдыгын көтөрөт. "Зордук-зомбулук деген эмне? "Зордук-зомбулуктун түрлөрү" " Мен кимге кайрылып, кандай жардам алам?" "Зомбулуктун алдын алуу" деген темалардагы сабактар балдардын коопсуз жүрүм-турумуна түрткү болуп, үйдө болобу, көчөдө, мектепте болобу зордук-зомбулукка кабылуу коркунучун азайтат.

Балдардын ички күч-кубатын көтөрүүгө багытталган иш-чаралар атайын сабак, тренингдердин тизмегинен жана форум – театрлардан турат. Сабактар турмуштук туура адаттар, коопсуз жүрүм-турум, жашоонун сергек мүнөзү сыяктуу темаларды өз ичине камтып, аны өткөрүүдө гендердик жана жаштык өзгөчөлүктөр эске алынып турат. Окуу жылынын аякташы менен бул сабактардын катышуучулары Ысык-Көлгө барышып, өтүлгөн темаларды бышыктоо менен өзүлөрүндөгү лидерлик жана тренерлик жөндөмдөрүн андан ары бекемдешет. Тең-теңи менен ыкмасынын тренерлери катары алар кийин өз курбуларына коопсуз жүрүм-турум жана зордук-зомбулуксуз жашоонун ыкмалары тууралуу баяндап беришет. Ошондой эле жыл техникалык кесиптерди, илимдерди жайылтуу максатында стэм (STEAM) лагерь өткөрүлүп келет.




**Пригород мектебинин 11-классынын окуучусу**
**Мухамедсалиева Милана:**

*“Мурда математика, физика, химия сабактарын түшүнбөй, аябай жаман көрчүмүн”*

Мен лидерлик мектептен лидердин сапаттарын, туура максат коюуну, жашоону пландоону, көйгөйлөрдү туура жол менен чечүүнү үйрөндүм. Мисалы, лидерлик мектепти аяктагандан кийин өзүбүз жашаган жерди тазалап, биз окуучулар болуп флешмоб уюштурган элек. Азыркы учурда Экотайм деген жаңы долбоордо иштеп жатам. Ал долбоордо да мен лидерлик мектептен алган билимдерим аябай жардам берди. Мен азыркы кезде ошол алган билимим менен zoom аркылуу мектеп окуучуларына климат, экология темасынын тегерегинде квиз оюндарын өткөрүп жатам.

Менин мурунку жашоо мүнөзүмө стэм лагерь аябай өзгөртүү киргизди. Мурда математика, физика, химия сабактарын түшүнбөй, аябай жаман көрчүмүн. Стэм лагерь бүткөндөн кийин мен оюмду 180 градуска өзгөрттүм. Анткени биздин баскан турганыбыздын баары эле стэм экен. Ошону түшүнгөндөн кийин илимдерге, өзгөчө энергетика тармагына, экологияга кызыга баштадым. Мисалы, энергияны суу менен алабыз, суунун запасы түгөнүп калса эмне болот. Энергияны башка кайсы жерден алсак болот деген ойлор келе баштады. Ошондой эле ар бир жашаган топтордун, уюмдардын көйгөйлөрүн стэм аркылуу кантип чечсе болот деп ойлонуп, илимге кызыгуум көбөйө баштады.





### *ТККдагы үй-бүлөлөрдүн мамлекеттик кызматтардан пайдалануусун жогорулатуу.*

Жамааттын балдарга болгон зордук-зомбулукка карата сезимталдуулугун арттырууга айрыкча маани берилип келүүдө. Долбоордун алкагында ата-энелер үй-бүлө ичиндеги мамилелерин жакшыртып, өз балдары менен ишенимдүү жана туруктуу мамиле түзүүгө багыт алышат. Буга алар, «Үй-бүлөлүк мамиле» , «Балдарга зордук-зомбулуксуз тарбия берүүнүн ыкмалары» , «Балдардын укукары» аттуу сабактарга катышуу аркылуу жетишүүдө. Бул сабактарга катышуу менен ата-энелер өз балдарын жакшы түшүнүп, алардын муктаждыктары, ой-кыялдары тууралуу баалуу маалыматтарга ээ болушууда.



**Күндүзгү бөлүмдөгү программанын катышуучусу Гүлсүн:**

*“Балдарыма туура эмес жасап жүргөн мамилелеримди азыр эстегим да келбейт”*

Менин атым Гүлсүн. Мен сөзүмдүн башында “Балдарды Коргоо Борборунун” жамаатына миң мертебе ыраазычылыгымды билдирип кеткким келет. Эгерде жашоомдо бул жамаатка жолукпаганда турмушум жакшы жагына мынчалык өзгөрүү болот беле ким билет. Жолдошум менен ажырашып Бишкекке келдим. Иштей турган жумушум жок, жашай турган жерим жок бир кичинекей батирде баш калкалап калдым. Мына эми жумуш таптым деп сүйүнүп жаткан учурда артымдан балдарым “апалап”, атасынан качып Бишкекке келишти. Жашоо кыйындай түштү. 4 балам менен батирден батирге көчүп, эптеп күн көрө баштадык. Күн чыккандан караңгы болгончо талаадан жашылча терип акча таап, эптеп тамак ашка жетсе жетип, жетпесе карызга бата баштадым. Жиним келгенде күчүмдү балдарыман чыгарам. Ошентип бир жыл өтүп, жашоо оор боло баштады. Балдарды дагы мектепке киргизүү керек, каякка алып барам, кимге

барам деп турган убакта маала башчы Нургүл эже келип, балдарыңды мектепке киргизишиң керек деп кеңешин берди жана ушул аймакта Балдарды Коргоо Борборунун күндүзгү бөлүмү бар экенин айтты. Ал жерден балдарым ысык тамак ичип жыргап эле калышты. Тамак эле ичпестен көптөгөн сабактарды окушуп, кыздарым тренер болуп, кыйла өзгөрүү болду. Жашоом жакшы жакка бурулгандай болуп, келечекке күн тийгендей сезилди. Балдарды Коргоо Борборунун адистери балдар менен гана иш алып барбастан ата-энелер менен да тыгыз иш алып барышат. Ата-энелерге тренингтерди өтүшөт. Ушул тренингтерге катышып жүрүп балага кандай мамиле кылуу керектигин үйрөндүм. Инсандык өнүгүү деген тренинг өзүмдүн инсан катары өсүшүмө чоң таасирин берди. Балдарыма туура эмес жасап жүргөн мамилелеримди азыр эстегим да келбейт. Азыр мен башка адаммын.



**Ата-энелер үчүн сабактардын активдүү катышуучусу Майрамкан:**

*“Өзүмдү ушундай баланын энеси болгонума өкүнүп, көп жолу күнөөлөчүмүн”*

Менин атым Айбашова Майрамкан. Мен 35 жаштамын. Тренингке барып окугандан бери жашоо өзгөрдү. Балдарга туура тарбия берүүнү үйрөндүм. Өзүмдүн кесибим конструктор-технолог. 4 жыл №21-Айчүрөк кесиптик лицейинде технология сабагынан мугалим болуп иштегем. Азыркы учурда балам ДЦП менен ооруганына байланыштуу иштей албай калдым. 2 баламды тарбиялап келе жатам. Тренингдин жардамы мен үчүн абдан чоң болду. Анткени мен баламды дагы да туура түшүнүүнү, аны кандай болсо ошондой кабыл алганды үйрөндүм. Өзүмдү ушундай баланын энеси болгонума өкүнүп, көп жолу күнөөлөчүмүн, өзүмдү жек көрчүмүн. Күлгөндү унутуп калган инсан элем. Көрсө, мен туура эмес кылган экемин. Булардын бардыгын, бактылуу болууну тренингтен үйрөндүм.Тренер болууга аракет кылууну чечтим. 14 -май күнү №54-мектепте биринчи жолу бала тарбиялоо боюнча ата-энелерге сабак өттүм. Ушундай билим берген Балдарды Коргоо Борборуна ыраазымын.

Негизги көңүл жаңы конуштарга бурулгандыктан долбоор максаттуу жаңы конуштардагы маала башчыларын , жамаат активисттерин жана ЖАБ дын кызматкерлерин окутууну өз ичине камтыйт.

Алар ИМ дын көйгөйлөрүн чечүүдө жагымдуу чөйрө түзүү, аларга карата туура ишенимге, сыйга негизделген мамиле түзүү боюнча атайын окуулардан өтүшүп, алган билимдерин турмушта колдонуп келишүүдө. Мындан сырткары маала башчылары, ЖАБ дын адистери, жамааттагы ДТ тун мүчөлөрү ТКК дагы үй-бүлөлөрдү аныктоо, аларга психосоциалдык көмөк көрсөтүү жана мамлекеттик кызмат көргөзүүлөрдөн пайдаланууга багытталган билим жөндөмдөрүн арттыра алышты.



**Ак Жар конушунун маала башчысы, сабактардын активдүү катышуучусу Гүлбүбү:**

*“Биздин милдет ушул жерде жашаган тургундардын жашоосун жакшыртууга жардам берүү”*

Менин атым Гүлбүбү. Мен Ак Жар конушунун тургунумун жана ушул айылдын маала башчысы болуп иштегениме көп жыл болду. Биздин милдет ушул жерде жашаган тургундардын жашоосун жакшыртууга жардам берүү. Биздин жаңы конуш - мыйзамсыз конуш. Конушубуз мыйзамсыз болгондугуна байланыштуубу же Дордой базарына жакын болгондуктанбы ижарага алып жашаган адамдардын саны көп. Биз мурун тургундарга ушул жерде жашайт деген аныктама берип эле алардын күчүн колдонгонду билчү эмеспиз. Балдарды Коргоо Борборунун тренингтеринен кийин, жамаат менен кантип иштөө керек, алар менен кандай натыйжалуу байланыш түзүү керек, көйгөйдү кантип аныктоо жана аларды чечүү керек деген маанилүү суроолор менен иш алып барып жатып биздин ишибиз натыйжалуу нукка багыт алды. Зордук-зомбулук боюнча теманы өткөндөн кийин айылдагы маани берилбей келе жаткан кыйын кырдаалда жашап жаткан тургундарга ар кандай кеңештерди берип, кайсыл жактан жардам алуу керектигин аларга дарегин айтып, багыт көрсөтө баштадык. Мындай окуулардан кийин билбегениң көп экенин жана талбай изденип окууларга көп катышышыбыз керек экенин билдик. Канчалык өзүбүз өнүксөк, маалыматты алуу жана ал маалыматты элге жеткирүү оңой боло баштага-

нын сездик. Акыркы кыйын кырдаалда дагы, короновирус боюнча так маалыматты Балдарды Коргоо Борборунун адистеринен онлайн зум аркылуу алып, ал маалыматты элибизге жеткирип турдук. Карантин убагында зордук-зомбулукка кабылган үй-бүлөлөр, өздөрүнүн укугун билбегендиги тууралуу, документ алуу боюнча каякка жана кимге кайрылыш керек деген суроолорго зумда өткөн онлайн окууларда жакшы жооп ала алды.

Ошондой эле жергиликтүү жамааттын, ТКК дагы үй-бүлөлөрдөгү ата-энелердин мамлекеттик кызматтардан пайдалануу боюнча ички күч-кубаты кыйла жогорулады. Мамлекеттик кызматтардан пайдалануу жаатындагы укуктарын ишке ашырууга ата-энелерди шыктандыра билүүнүн мааниси зор экендиги долбоордо так көрсөтүлгөн. Буга байланыштуу  БКБ нын адистери, БКБнын коомдук кабылдамаларына келген адамдарга өздүк документтерди алуу жана калыбына келтирүү, мамлекеттик кызматтардан пайдалануу боюнча атайын кеңештерди берип келишет.

**Сейит:**

***"Көчөдө бараткандa милиция токтотуп алып, документ сурабаса экен деп коркуп өтчүмүн"***

Менин атым Сейит, бирок көпчүлүк Сейтек деп билет. 34 жашка барып калдып. 5 балам бар. Ушул жашка чейин туулгандыгы тууралуу күбөлүк, паспорт ала элекмин. Толук аты-жөнүм да белгисиз.








"10 жыл ичинде соттторго арыз жаздык, канчалаган жерлерге бардык бирок, жыйынтык чыкпай кайра эле жөнөтүп коюшчу. Документи жок насыяга акча да ала албайт экенсиң, жакшы жумушка да орношо албайт экенсиң. Көчөдө бараткан-да милиция токтотуп алып, документ сурабаса экен деп коркуп өтчүмүн. Балдарым да аялымдын аты-жөнүнө катталган. Мен ушул жашка келип, үй-бүлө күтүп жашаганым менен чын эле ушул мамлекеттин жараны экенимди эч ким эч нерсе тастыктай албайт эле. Май айында документти алуу үчүн соттун чечимин алганда аябай кубандым. Мага ар дайым көмөк көргөзүп, ар бир соттук процесске катышып, арыздарды даярдап жардам берген Балдарды коргоо борборуна чоң ыраазычылык билдирем. Сиздердин жардамыңыздар болбосо, күбөлүк алып, азыр паспортко тапшыра албайт элем.

**Коомдун жашоосуна балдардын активдүү катышуусун камсыз кылуу үчүн, алардын ички күч кубатын көтөрүү.**

ТКК га кабылган балдар камкордукка жана колдоого өтө муктаж. Тажрыйба көргөзгөндөй бул балдарга болгон камкордук 2 этап менен көргөзүлүшү керек:

— баланын кыска мөөнөттүк муктаждыктарын камсыз кылуу (коопсуз үй-жай, ысык тамак, медициналык кызматтар)

— баланын узак мөөнөткө багытталган муктаждыктарын камсыз кылуу (баланын ички күч кубатын көтөрүү, билим алууга болгон укугун камсыз кылуу, баладагы жеке инсандык касиеттерин арттыруу)

БКБ ТКК дагы балдарга көмөк кылууда бардык багыттар боюнча ийгиликтүү иш алып барууда. Мындай кызматтар өз ичине балдардын убактылуу жашоочу жайын, тамак ашты, психологиялык жактан реабилитациялоо, турмуштук туура адаттарды калыптаныруу, документте-

рин калыбына келтирүү, мектепке киргизүү жана медициналык жактан тейлөө кызматтарын өз ичине камтыйт.

Бүгүнкү күндө БКБнын жардамы аркылуу ТКК дан чыгып, ийгилик артынан ийгиликти багынткан балдардын саны арбын. Өз маалында жана туура берилген жардам, баланын келечегине оң таасирин тийгизбей койбойт.



Пригород мектебинин 9-классынын окуучусу **Дастанбек кызы Атыр**:

*“Мага стэм лагерь абдан көп мүмкүнчүлүктөрдү берди”*

“Мен лидерлик мектепке баргандан кийин лидер кандай болуш керек, кандай кийиниш керек, өзүн кандай алып жүрүш керек ошолордун баарын үйрөндүм. Zoom, google meet аркылуу онлайн сабактарды өткөргөндү үйрөндүм. Практика кылып, сабактарды да өткөрүп көрдүк. Активдүүлүгүбүздү, лидерлигибизди көрсөтүү үчүн иш-чаралар планын түзүп, аларды ишке ашырдык. Мисалы, өспүрүмдөр арасында зордук-зомбулукту алдын алуу үчүн социалдык тармактарда дил баяндар сынагын жарыялаганбыз. Блогерлерди, бизнесмендерди да бул акцияга тартууга аракет кылып көрдүк. Ошондой эле бүткүл дүйнөлүк ишембилик күнүндө социалдык тармактарда вотсап, инстаграмда досторубузду, классташтарыбызды ишембиликке чакырып экологиялык иш-чара өткөрдүк. Пригород айылында, анын тегерегинде жашаган бардык каалоочуларды чогулттук. Биз менен чогу лидерлик мектепке катышкан кыздар спонсорлук кылып таштанды тергенге кол кап, пакеттерди алып беришти. Баары маска кийип, айлана-чөйрөнү тазалап бул иш-чарабыз аябай жакшы өттү. Ай сайын ушундай ишембилик өткөрсөк деп пландаганбыз, бирок карантинге байланыштуу бизге уруксат бербей, ата-энелер да жөнөтпөйт коюшту. Мен теңдеш тренер болуу үчүн атайын тренерлерди даярдоочу сабактарга катыштым, лидерлик мектепте окудум. Лидерлик мектепте мен үчүн





чынында оор темалар да болду, бирок абдан пайдалуу тренингтердин бири болду десем жаңылышпайм.

Ошондой эле мен “Живые статуи” деген инсталляцияга катышып ала качуу, кесип тандоодогу стереотиптер, кыздардын билим алуудагы тоскоолдуктары жөнүндө атайын даярдалган форум-театрдын мүчөсү болдум. Мен үчүн абдан чоң тажрыйба болду. Себеби, биз биринчи жолу чоң аудиториянын алдына чыгып, үнсүз театралдашкан чыгарманы тартуулап, кыздар каршылашкан көйгөйлөрдү чагылдырып бердик. Андан башка мен 5 күндүк стэм лагерге катышып, аябай сонун маалыматтарды ала алдым. Көптөгөн компанияларды кыдырып, экскурсияга бардык, өзүнүн кесибинде профессионал адистер менен тааныштык, жаңы кесиптер жөнүдө маалымат алдык. Мага стэм абдан көп мүмкүнчүлүктөрдү берди. Бизге ушундай лидерлик сапаттарды үйрөтүп, коомдук жашоого салым кошууга түрткөн “Балдарды коргоо борборуна” ыраазычылык билдирем.



«Балдарды Коргоо Борбору» коомдук бирикмеси 1998-жылдын август айында негизделип, анын миссиясын тааныгандар үчүн дайыма эшиги ачык. «Балдарды Коргоо Борбору» - балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргогон жана алдыга түрткөн, өз ишинде комплекстүү иш чараларды колдонгон, аны дайыма жакшыртуунун үстүндө иш алып барган, эксперттик-методикалык борбор катары аракет кылган өкмөттүк эмес уюм, мамлекеттин - балдардын укуктарын ишке ашыруу багытындагы мыйзам чыгаруу, аны ишке ашыруу жаатындагы стратегиялык өнөктөшү.



Бул маалыматтык буклет Bread for the World (BftW) аттуу эл аралык уюмдун каражаттык колдоосу менен чыгарылды. Буклеттеги берилген маалыматтар “Балдарды Коргоо Борбору” коомдук бирикмесинин жоопкерчилигинде болуп, Bread for the World (BftW) дун көз карашын чагылдырбайт.

**«Балдарды Коргоо Борбору» коомдук бирикмесинин байланыш дареги:**

cpc.kyrgyzstan@gmail.com, streetch10@mail.ru
0(312) 45 06 34;
0(312) 45 07 24
Бишкек шаары, Астрахан көчөсү 31
www.streetchild.ktnet.kg
cpc.kyrgyzstan
cpc.kyrgyzstan
cpc_kyrgyzstan

Балдарды Коргоо Борбору

Brot für die Welt